Аллахым, Сенден дүйнө жана акыреттин амандыгын (жакшылыгын) сураймын

Ибн Умар (Аллах алардан ырааазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эртең менен да кечинде да бул дубаны калтырбай, дайыма айтчу: "Аллахым, Сенден дүйнө жана акыреттин амандыгын (жакшылыгын) сураймын. Аллахым, Сенден динимде, дүйнө жашоомдо, үй-бүлөмдө жана мал-мүлкүмдө кечирим жана амандык (жакшылык) сураймын. Аллахым, менин кемчилик-айыбымды (бардык айып-кемчилигимди) жашыр жана жүрөгүмдү тынч кыл. Аллахым, мени бет алдымдан келүүчү, артымдан келүүчү, оң жак, сол жагымдан келүүчү, үстүмдөн келүүчү жамандыктардан сакта. Мен Сенин улуулугуң менен астымдан келе турган жамандыктан (кайдыгер өлүмдөн) сактанам".

[Сахих (ишенимдүү)] [Абу Дауд, ан-Насааи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эртең менен жана кечинде ушул дубаларды калтырбай, такай айтып жүргөн: (Аллахым, мен Сенден аманчылык тилейм) оорулардан, балээлерден, дүнүйөлүк кыйынчылыктардан, диний фитна жана азгырыктардан (Дүйнө жана акыретте), убактылуу жана түбөлүктүү жашоодо. (Аллахым, Сенден кечирим сурайм) жана күнөөлөрдүн өчүрүлүшүн жана алардын кечирилишин, (жана жакшылыкты сурайм) айып-кемчиликтен таза болууну, (динимде) ширктен, бидаттан жана күнөөкөр болуудан, (дүйнө жашоомдо) кыйынчылыктан, кырсыктан, зыяндуу жамандыктардан, (үй-бүлөмдө) аялым, балдарым жана туугандарыма, (мал-мүлкүмдө) байлыгыма жана иштериме (жакшылык сурайм). (Аллахым, менин айып-кемчиликтеримди жап) мендеги айыптарды, кемчиликтерди жашырып, күнөөлөрүмдү кечир. (жана жүрөгүмдү тынч кыл) чочулоодон, коркуудан сакта. (Аллахым мени сакта) мага келе турган балээ-кырсыктарды менден кетир, (бет алдымдан келүүчү, артымдан келүүчү, оң жак, сол жагымдан келүүчү, үстүмдөн келүүчү) жамандыктардан сакта деп, туш тарабынан келүүчү жамандактардан сактоону Аллахтан суранган. Анткени, балээ-кырсыктар адамдарга ушул айтылган тараптардын бирөөсүнөн келип калышы мүмкүн. (Мен Сенин улуулугуң менен) капылет келип, жок кылуучу (астымдан) келүүчү жамандыктан сактанам.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5485